| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН РАЙОНДУК<br>МАМЛЕКЕТТИК<br>АДМИНИСТРАЦИЯСЫ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ РАЙОННАЯ<br>ГОСУДАРСТВЕННАЯ<br>АДМИНИСТРАЦИЯ |
|---|---|---|

**БУЙРУК**

"15" февраль 2024-ж. № 47-б Нарын шаары

**Нарын районунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы "Нарын облусунун Ат-Башы жана Нарын райондорунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү жөнүндө" №24-б буйругун аткаруу жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жана Бириккен улуттар уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын колдоосу менен "Катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин минимумга жеткирүү үчүн алгачкы иш-аракеттерди көрүү менен КР Өкмөтүнүн потенциалын жогорулатуу" долбоорунун алкагында Нарын районунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 09.02.2024-жылдагы "Нарын облусунун Ат-Башы жана Нарын райондорунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү жөнүндө" №24-б буйругу менен бекиген чөптүн жана тоюттун корун түзүү жана аны пайдалануунун тартиби аткарууга алынсын.

2. Долбоорду ишке ашырууга жана чөптүн, тоюттун корун түзүү, аны максаттуу пайдалануу тартибине ылайык тиешелүү иш-чараларды уюштурууга тиркемеге ылайык Нарын райондук комиссиясы бекитилсин (тиркелет).

Нарын райондук комиссиясы:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2024-жылдын 9-февралындагы "Нарын облусунун Ат-Башы жана Нарын райондорунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү жөнүндө" №24-б буйругунун тиркемесине ылайык талаптарды жана уюштуруу иш-чараларын кынтыксыз жүргүзүшсүн;
- ар кандай учурларда (форс мажор) бекитилген тартипте эске алынбай калган жагдайларды комиссиянын чечими менен жөнгө салуу укугу берилсин.

3. Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Кошалиев:

- долбоордун негизинде тартылып келе турган чөп жана тоют корлорун коопсуз сактоо үчүн атайын жай (кампа) даярдап, аны түшүрүп жыйуу иштерин уюштурсун;
- чөп жана тоютту балансқа кабыл алуу боюнча тиешелүү иштерди алып барып, кампага түшүрүлгөн чөп жана тоютту коопсуз (өрттөн, канаттуулардан, келемиштерден жана башка чыяндуулардан), талапка ылайык сактоо үчүн камсыз кылсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Акимдин биринчи орун басары** **Т.Кулешов**

Жөнөтүлсүн: иш кагаздарына, ӨК бөлүмүнө, айыл өкмөттөрүнө.

МААЛЫМАТТАР ҮЧҮН
ДЛЯ СПРАВОК

Сканировано с CamScanner

Нарын райондук мамлекеттик
администрациясынын
2024-жылдын «15» 02
№ 478 буйругуна тиркеме

**Нарын райондорунда чөптүн жана тоюттун корун түзүү иштерин уюштуруу комиссиясынын курамы:**

Төрагасы - Нарын райондук мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орун басары – Т.Кулешов

Төрагасынын орун басары – А.Мусуркановн - Нарын райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы

Катчысы – К.Боскун кызы - Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси-юристи

Мүчөлөрү:

А.Кыдыкбаев - Нарын шаары жана Нарын району боюнча Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы;

К.Боскун кызы - Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башкы адиси;

К.Усупов - Дөбөлү айыл өкмөтүнүн башчысы;

А.Окенов - Чет-Нура айыл өкмөтүнүн башчысы А.Окенов;

Т.Сыдыкбеков - Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн башчысы;

Б.Кошалиев - Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы;

У.Боскунчиев - Жан-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы;

Э.Өмүрзаков - Учкун айыл өкмөтүнүн башчысы;

А.Ташболотов - Эмгек-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы;

К.Баатыршаа уулу – Мин-Булак айыл аймагынын Эмгекчил айылынын башчысы.

**Аппарат жетекчи** **Ж.Жээналиева**

Сканировано с CamScanner